**КЕМЕЛОВА А.**
*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК.400.-54:371.3**

# ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ ОРДУ

Азыркы күндө жаңыдан илим катары өнүгүп келе жаткан этнопедагогиканы колдонуу аркылуу кыргыз тилин кыргыз жана орус класстарда окутуу актуалду маселелерден болуп саналат. .

Элдик педагогиканын эне тилди окутуудагы актуалдуулугун элдин оозеки сөздөрүнөн гана эмес, кийиз китебинен, чий китебинен, жип китебинен, буюм китебинен, эң таң калаарлыгы , боз үйдөн дагы көрүүгө болот. Аларда катылган дөөлөт, сырлар, элдик дидактика фольклордук педагогиканын негизин түзөт.

Этнопедагогика ак менен караны айырмалап, адамга керектүү баалуу мүнөздү тандап алууга, көңүлгө сыйбаган терс мүнөздөрдү жакшы жакка пайдалана билүүгө чоң таасир берет.

Мектептерде кыргыз тилди окутууда окуучуларга жаттап келүүнү талап кылышат жана ар бир окуучу өз түшүнүгүн жаттап айтып беришет. Окуучулар жаттай берип, каалаган баасын алганы менен эркин ойлонуусу, алган билимин өз турмушунда колдоно билүүсү өтө начарлап кетет.

«Кыргыз тилин кыргыз жаштарына эне тил катары окуп-үйрөтүү иштеринин жүргүзүлө баштаганына бир кылымга жакын убакыт болду. Реалдуу турмушта, практикада кыргыз жаштарынын тили жакырланды, чоркок тартты. Баарынан өкүнүчтүүсү, оозеки сүйлөшүү мурунку сылыктыгынан, уккулуктуулугунан, байлыгынан ажырап, орой, одоно жана түшүнүксүз боло баштады» [1.2010] деген оюн педагогика илимдеринин доктору, профессор Жеңишбек Чыманов өзүнүн «Кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери» деген макаласында белгилеп кеткен. Эгерде окутуу элдик педагогикадан куру-жалак калып, этнопедагогикалык тарбиянын маанисин жана анын философиялык мазмунун терең түшүнө албаса анын келечеги жок.

Азыркы замандын агымынын талабына ылайык кыргыз тилин окутуунун ар түрдүү усулдары чыгууда. Бирок алар накта кыргыз элинин педагогикасыбы, алар элдин жан-дүйнөсүн азыктандыра алабы? Биз унутулуп бара жаткан улуттук наркты жаңы муундарга , келечек жаштарга таалим-тарбия берүүнүн негизги куралы катары кабыл алып, практикада колдонуубуз зарыл.

Бул тарбияны балага эки багытта берүү ылайык:

1. Ата-энелер үйдөн, көчөдөн, коноктон ж.б.
2. Мугалимдер окуу предметтери менен бирге ж.б.

Алгач «этнопедагогика» сөзүн талдап, маанисин түшүнүп тактап алалы…

Этнопедагогика деген эмне? «Этно»- этнос деген эле мааниде каралат. Бул уруу, урук, эл, улут деген түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт. Педагогика- «пейдос»- грек тилине которгондо «бала», «аго» - жетелөө, демек баланы жетелөө, ага жол көрсөтүү деген мааниде.

Эгерде чет элдин педагогикасынын тарыхына кайрылсак Афинада балдар адегенде (жети жаштан он үч, он төрт жашка чейин) грамматисттин жана кифаристтин мектебинде көбү акча төлөп окушкан. Ал эми каражаттары жетишпеген адамдардын (демостор) балдарынын көпчүлүгү ал мектептерде билим ала алышкан эмес. Аталган жерде сабактарды дидаскалар- мугалимдер беришкен. Мектепке балдарды атайы дайындалган кул узатып келчү, аны педагог деп аташчу («пайс»- бала, «агоген»- жеткирүү). [2.1970]

Ар бир жаш өспүрүмдү, наристени ата-эне баш болуп коомчулук чогуу тарбиялаган. Демек, этнопедагогика- бул өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча калайык- калктын тарбиясы, анын педагогикалык көз караштары, турмуш- тиричиликтин, үй-бүлөнүн, уруктун, урууну жана элдин педагогикасы жөнүндөгү илим. «Элдик

педагогика» элдин таалим- тарбиялык идеяларын, тажрыйбаларын мүнөздөөгө карата айтылса, ал эми «этнопедагогика» теориялык ой жүгүртүүлөрдүн, илимдин сферасы т.а. биринчисинде баяндама, экинчисинде аларды илимий талдоого алуу. [3.1979]

Мисалы, кыргыз элинин «улак тартыш» оюну. Ал кандай ойнолдот, эрежелери кандай, аягы кандайча аякталат- бул баяндама. Ал эми этнопедагогика ошол эле оюн кыргыз элине кандай таасир алып келет, анда этика барбы ж.б. түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт.

**Этнопедагогиканы орто мектептерде колдонуунун максаты**

Мектептерде эне тилди элдик оозеки чыгармачылыктын негизинде окуп-үйрөнүү этнопедагогиканы орто мектептерде колдонуунун максаты болот.

И. Арабаевдин «Алиппе Жаки Төтө окуу» аттуу китебинде казак тилинде жазылганы менен баш сөзүндө мындай деп жазган: «…кыргыз, казак тилинде шайыр жана өлөңдөрдү, тарыхый окуяларды, аңгемелерди бөлүм-бөлүм кылып бастырууга аракет кылдык. Ошентип, жоголуп бара жаткан сөздөрүбүздү, адабияттарыбызды тирилтүүгө аракет кылмакчыбыз.» Андан ары улай кыргызча сөздөрдү кезиктиребиз. Мисалы, малдын жаш өзгөчөлүктөрү, жыл аттары, өсүмдүк, идиш-аяктардын жана айбанаттардын аттары, элдик накыл китептердин аттары, тамсилдер,ай, күн, жыгач ж.б.[4.1991]

Бул китеп бир гана кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгын мектепте окуп үйрөнүүнү баштаган алгачкы эмгек гана болбостон, этнопедагогиканын дагы мектептерде окутулушуна негиз болгон.

XIX кылымда айрым инсандын жекече мектеби болгон. Мисалы, Арстанбектин мектеби, Жеңижоктун мектеби, Калыгулдун мектеби, Тоголок Молдонун мектеби ж.б. Алардын туруктуу имараты болгон эмес. Алар жер кыдырып, шакирттерин жанына алып жүрүп окуткан. Шакирттерин гана эмес бүтүндөй кыргыз журтуна өзүлөрүнүн педагогикалык, этнопедагогикалык, этикалык тажрыйбасын жайылткан.

Алар жалкоолук менен жан бактылыкка каршы болуп, боорукерлик, жоомарттыкка, сабырдуулукка үндөгөн. Жакшы менен жаманды айырмалап келип,сапаттарды экиге ажыратат. Жыйынтыгында, баарыдан мурун адамдык сапаттарды аздектеп багуу керек экендигине токтолушат. [5.2007]

Демек, элдик педагог Ч. Айтматовдун: «Элдик генийлерден жаралган көркөм сөз өнөрүнүн не бир асыл заттары байыркы тунгуюктан бери карай оор, узак сапар тартып, наристе нукуралык сапатын жоготпойт. Биздин күнгө жетип, бүгүнкү күндүн реалдуу көрүнүшү катары кабыл алына баштаган.» [6.1998] деген сөзү тастыкталууда.

Ал эми элдин таалим-тарбия практикасында балдарды эмгек кылууга үйрөтүү эрте жашынан эле башталат. Төрөлгөн күнүнөн тарта жаш курагына жана аракетине карай багып келишкен. Атап айтканда, ата-энелер алты жаштагы баланы өзүн-өзү эптеп, анча-мынча ишке жарап калган бала деп мүнөздөшкөн. Ошону менен бирдикте бул куракта «Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» деп, алардын өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө да өзгөчө көңүл бөлүшкөн.

Кыргыз элинде жети-сегиз жаштагы баланы «кол-арага жарап калган бала» деп мүнөздөшөт. Чындыгында эле, бул куракта ата-энелерине дилгирлик менен жакындан жардам көрсөтө башташат. Жана балдар адеп-ахлактык түшүнүктөрдү, жүрүш-туруш адебин тез кабыл алышат. Ушундан улам ата-энелер балдарды олдоксон жорук-жоосундардан окчун кармап, айрым адепсиз көрүнүштөрдүн маанисин туура түшүндүрүүгө далалат кылышкан.

Тогуз, он жаштагы бала айрым жумуштарды кадыресе өз алдынча кыла баштайт. Ошол эмгек иш-аракеттерине жараша улуулар аларды «орок оргонго, мал бакканга жарап калган бала» деп мүнөздөшкөн. Кыз балдар уул балдарга караганда социалдык-турмуштук тажрыйбаларды өтө тез кабылдайт. Өзүнүн келбет-боюна, жүрүш-турушуна олуттуу көңүл бура баштайт. Атап айтканда, эркек балдардан бөлөк ойнойт. Атасынан,

улуу агаларынан иймене баштайт. Ошону менен бирдикте, үй- бүлөдөгү милдети да күчөйт. Ар кандай жумушту энеси менен барабар аткарууга көнүгө баштайт. Ал эми үйдөгү тазалыкты сактоо ушул жаштагы кыздардын түздөн түз милдетине айланат. Коомдук пикир да «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» деп, кыздардан ушуну талап кыла баштайт.

Кыргыздар он эки жаш мүчөл жылы «эрезеге жеткен же балакатка жеткен курак» деп мүнөздөшөт.Өткөн замандарда он эки жаштардагы баланы дене бою, акыл тажрыйбасы жагынан жетилген курак деп эсептешкен. Мындан элдин баланын өсүп-өнүгүшүнө карата оптимисттик мамилесин ачык байкоого болот. Мындай элдик педагогикалык туюмду «Манас» эпосунан да даана көрүүгө болот. Алсак, Манас да, Семетей да он эки, он үч жаш курагында баралына толуп, кыргыздын намысын коргоп, баатырдык сапатка ээ болот. Он эки, он үч жаштагы уул баланы (өзгөчө андан улуу уул балдар же атасы жок үй бүлөлөрдө) кыргыздар кадыресе эр жеткен адам катары кабылдап арка бел тутушкан.

Дал ушундай курак өзгөчөлүгүнө карап, заманга ылайык окуу сабактарын киргизүү зарыл. Айрыкча жогоруда сөз болгондой «кыргыз элинде жети-сегиз жаштагы баланы «кол арага жарап калган бала» деп мүнөздөшөт» деген сөздү жана бул учурда бала бардык нерсеге дилгирленип турганын, барын тез кабыл алганын , азыркы учурдун 1-2-классынын окуучусу экенин эске алганда, өзүбүздүн милдетибиз катары эне тилди окутуу процессинде элдик педагогиканын табылгаларын , тажрыйбаларын тартынбастан киргизүүгө тура келет.

Кыргыз тилди мектептерде окутууда план-конспект туура түзүлүшүнөн, сабактын максаты жана мугалимдин даярдыгынан окуучулардын сабакка кызыгуусу байкалат. Сабактын максаты болгондо, тарбия берүүчүлүк максаты дал ушул этнопедагогиканын жардамынын негизинде ишке ашат…. Мисалы, кыргыз тили сабагын өтүп жатып, көнүгү иштетүүгө келгенде Жаныбек хандын Акылкарачачка берген суроосун пайдалануу аркылуу алардын биринчиден , сабакка болгон кызыгуусун арттыруу, экинчиден аларды дал ошол Акылкарачачтай чечен, тапкыч, амалкөй болууга үндөө.

Анда алардын суроо-жообунан бир үзүм:

**Жаныбек:**

Тулпарды уйга сатса не болот?
Атты эшекке сатса не болот?
Туйгунду каргага сатса не болот?
Башы ачык адамды наадан кулга сатса не болот?

**Акылкарачач:**

Жаныбек ханым, бузулду заңың,
Бул кандай жорук, тынчыбаган жаның?
Тулпар тушунда, күлүк күчүндө,
Күчүн бербеген тулпардан,
Сүтүн берген уй жакшы.
Пайдасы жок туугандан,
Пайдасы тийген кыйыр жакшы.
Чабыл аттан,
Чарчабаган эшек жакшы.
Жаш чыгач отундан,
Жаркырап күйгөн тезек жакшы.
Канаты жок туйгундан,
Канаттуу карга жакшы.
Каным, менин тапканым- ушу,
Сиздин укканыңыз ушу. [7.2006]

Жыйынтыктап айтканда, эгерде эне тилди элдик педагогикадан , реалдуу турмуштан ажыратып, жалаң лингвистикалык-теориялык маалыматтар менен шыкап, күчкө салып жаттатып окутууну уланта берсек , кыргыз тили сабагы эң кызыксыз, жаттама жана жадатма сабак бойдон кала берет. Бардык ыйык нерселер түгөл жоголсо да, элдүүлүк элементи түгөл сакталат. Демек, жаттоо эмес, жан дүйнөгө сиңирүү???

**Адабияттар:**


1. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери.// Кыргыз тили, 15.03.2010;
2. Педагогиканын тарыхы. Ф.,1971;
3. Алимбеков А. Этнопедагогика. Ф.,1979;
4. Арабаев Э. Алиппе Жаки Төтө окуу. Уфа. 1991, 2-бет;
5. Байгазиев С. Ата Мекендик жана дүйнөлүк этика. Б.,2007;
6. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. Ф.,1998,7-бет;
7. Рысбаев С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. Б., «Билим куту» 2006, 207-бет.